DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2021

*Асыкулов Т.*

# ИЛБИРСТИН ЖАШОО ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮЛӨР

*Асыкулов Т.*

# НАБЛЮДЕНИЯ ЗА МЕСТАМИ ОБИТАНИЯ СНЕЖНОГО БАРСА

*T. Asykulov*

# OBSERVING THE SNOW LEOPARD HABITAT

*УДК: 504/929*

*Жапайы жаныбарларды изилдөө жаатындагы жаңы технологиялардын өнүгүшү менен, мониторинг жүргүзүү үчүн абдан популярдуу болгон фотокапкандарды колдонууну белгилей кетсек болот. Бул фотокапкандар жапайы жаныбарларды изилдөө жаатында жаңы баракчаларды ачты, анткени алардын жардамы менен бийик тоолуу аймактардагы жапайы жаныбарларды тартып алса жана алынган кадрларга анализ жүргүзсө болот. «Илбирстин байыр алган жерине байкоо жүргүзүү» макаласында, жоголуп кетүү коркунучунда турган, сейрек жана бийик тоолуу аймактарды байырлаган илбирсти изилдөө жана коргоо каралат. Изилдөөнүн бир ыкмасы – заманбап технологияларды колдонуу менен бирге жапайы жаныбарларга мониторинг жүргүзүү болуп эсептелинет. Андан алынган маалыматтар илбирсти жана анын тоют базасын коргоо боюнча программаны ишке ашырууга жардам берет.*

***Негизги сөздөр:*** *илбирс, бийик тоо, коргоо, мониторинг, биологиялык ар түрдүүлүк, илбирстин турагы, фотокапкандар.*

*С развитием новых технологий в сфере изучения дикой природы, одним из натболее популярных для проведения мониторинговых работ, можно отметить использование фотоловушек. Эти фотокапканы открыли новую страницу в сфере изучения дикой природы, поскольку с их помощью можно зафиксировать кадры дикой фауны в высокогорьях и проводить анализ полученных кадров. В статье "Наблюдения за местами обитания снежного барса" рассматриваются способы изучения и охраны находящихся под угрозой исчезновения, редких и высокогорных ареалов снежного барса. Один из способов исследования – проведение мониторинга дикой природы с использованием современных технологий. Полученные данные помогут реализовать программы по защите ареала снежного барса, и его кормовой базы.*

***Ключевые слова:*** *снежный барс, высокогорье, охрана, мониторинг, биоразнообразие, среда обитания снежного барса, фотоловушки.*

*With the development of new technologies in the field of studying wildlife, one of the most popular for monitoring work is the use of camera traps. These traps have opened a new page in the field of wildlife research, as they can be used to capture images of wild fauna in the highlands and analyze the resulting frames. The article "Observing Snow Leopard Habitat" explores ways to study and protect endangered, rare and high-altitude snow leopard habitats. One of the research methods is to conduct wildlife monitoring using modern technologies. The data obtained will help to implement programs to protect the snow leopard habitat and its food supply.*

***Key words:*** *snow leopard, high mountain, protection, monitoring, biodiversity, snow leopard habitat, photo traps.*

**Кириш сөз.**

*Илбирс* – бул бийик тоолордо байырлаган сейрек кездешүүчү жаныбар. Кыргызстандын аймагынын дээрлик баардык аянтын тоолор ээлегендиктен, илбирс биздин өлкө үчүн бирден бир эндемик жаныбар катары эсептелинет. Ареалынын (турагынын) барган сайын тарып баратышы илбирсти бийик тоонун, өзгөчө Борбордук Азиянын эндемик жаныбары кылып койду.

Илбирске болгон адамдардын мамиле кылуусу кылымдардан бери ар түрдүүчө өзгөрүп келүүдө. Алсак, XX кылымдын ортосуна чейин илбирс мүлк катары анын баалуу териси сатыкта пайдаланылып келген. *"Барс"* деген аттын дагы келип чыгышы түрк сөзүнөн алынып соодагерлердин арасында тараган. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгүндө *(Сейдакматов, 1988)* илбирстин аталышына төмөндөгүдөй чечмеленген: *"Илбирс жолборстон сырткы түрү боюнча ала чокул тактары бар түсү менен айырмаланат. Ошол белгисине карап илбирс (ала+барс) аталышы мүмкүн. Анткени азыркы кыргыз тилиндеги ала сөзү алтай тилинде өлө болуп айтылат. Болжолу, ушул сыяктуу болуп ала сөзү өлө, иле түрүндө айтылган түрк тилинде пайда болгон ат кийин бардык түрк тилдерине тарап кетиши да мүмкүн".* Илбирс атайын коргоо макамын алгандан кийин деле анын терилери узак убакытка чейин сатылып турду. XX кылымдын ортолорунда дүйнөнүн зоологиялык парктарына илбирс жаратылыштан кармалып жиберилип турду. Ал үчүн нечендеген зоокомбинаттарды ачууга туура келген жана илбирс кармоого жергиликтүү аңчылар атайын тартылган. XXI кылымдын башынан тартып илбирсти коргоого чындап көңүл бурула баштады десек болот. Анын бир мисалы катары, Бишкекте өткөн 12 мамлекеттин илбирсти изилдеген адистери чогулган дүйнөлүк форумду атасак болот. Бул форумдан кийин жаңы токтомдор кабыл алынып, илбирсти коргоого жаңы шарттар түзүлө баштады.

Илбирс өзү кандай жаныбар, анын азыркы акыбалы кандай, келечекте жаратылышты, анын ичинен илбирсти коргоого арналган кандай иштер аткарылышы керек? Бул жаныбар эмне үчүн коргоого муктаж?

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557






**1-сүрөт.** Илбирс.

**Коргоо иш-чаралары.** Кыргызстанда көптөгөн тоо кыркаларында дайыма кездешүүчү түр катары саналат. 1980-жылдардын башталышына чейин жалпы саны 1400-1600 (*Чичикин, 1973; Красная Книга СССР, 1984*) баш болгон. Е.Кошкарев бул санды эскирип калды деп, азыркы учурда Кыргызстанда илбирстин саны 600-700 баштан ашпайт, же максималдуу 1000 ден көп эмес деп баалаган (*Кошкарев, 1989*). 1990-жылдардан кийин илбирстин саны Кыргызстанда кескин кыскарып кеткен. Буга өлкөдөгү социалдык-экономикалык жагдай дагы көп таасирин тийгизген. Жумушсуздуктун айынан кээ бир жергиликтүү калк жаратылыштын ресурстарын мыйзамсыз колдонууга өтүшкөн. Ар кандай жол менен акча табуунун бир түрү илбирстерди кармоо жана анын терисин сатуу иштери күч алган.

“Ак илбирс – кыргыздар үчүн эзелтен ыйык жаныбар катары сыпатталып, кыргыз элинин, кыргыз баатырларынын колдоочусу болуп эсептелип келген. Бул тууралуу Эл жазуучусу **Асан Жакшылыков**: *Ата-бабаларыбыз эгер ак илбирсти жоготуп алсак анда Ала-Тообузду жоготуп ала тургандай нуска калтырган. Мисалы, Манастын колдоочулары да ак кабылан, ак илбирстер. Ал биздин тоолорубуздун пири сыяктуу. Ак илбирс мөңгүдө жүрөт эмеспи. Ак илбирсти жоюп алсак мөңгүнү да жоё турган абалга келебиз.* Жакшылыков ушундай себептерден улам Бишкек шаарынын эн белгисине да илбирс түшүрүлгөнүн мисал кылды.

Аталган эн белгинин автору **Майрамкул Асаналиев** ал эмгекти жаратардын алдында кыргыз элинин тотемдик ишенимдеринде ак илбирстин кандай орду бар экенин өз алдынча изилдеп көргөнүн айтты: *Кыргыздарда ак илбирс тууралуу көптөгөн уламыштар бар. Кайып дүйнөдө айрым адамдардын колдоочусу кара чаар кабылан деп айтылат. Мисалы, "Манас" эпосунда "Кара чаар кабылан, капталынан чамынып..." деп сүрөттөлүп жатпайбы. Бул жаныбар тотемдик ишенимдерде да колдонулган. Кээ бир илимий түшүнүктөрдө "Шамбала" тууралуу айтылып жүрбөйбү. Ак илбирс аны кайтаруучу, эки дүйнөнү байланыштырып турган ыйык жаныбар катары эсептелет.*

Асаналиев ушундан улам өзүнүн чыгармаларында негизинен эле ак илбирсти көп колдоноорун кеп кылды”. https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_ ecology _leopard_2017/28682217.html (13.12.2019).

Дагы бир интернет сайтынан мисал:

“Ошон үчүн ал ак илбирс деп аталчу. Ал эми бийик тоолук жырткычтар жөнүндөгү илимде – кабылан тукумундагы, мышыктар түркүмүнө кирген теңир-тоолук ак илбирстер деп аталат, аларга жолборстор да кирет. Жергиликтүү калк арасында болсо мындай жырткычты жаабарс (илбирс - жаанын жебеси) деп аташат, анын жаратылышына бул ат көбүрөөк туура келет - секиргенде ал чын эле жаанын огу сымал тез жана шамдагай. Аны "кар кечкен илбирс" деп да коюшат, белчесинен кар кечип жүрүүчү деген маанидe... Бул дагы чындыкка дал келет... Башка жандыктар тоодогу кар күрткүлөрүнүн туткуну болбоо үчүн жол издешет, ал болсо күчтүү! - бет алган жагынан кайтпайт...”. http://kitepkana. kg.html (13.12.2019).

Илбирстин коргоо муктаждыгы:

- анын өтө сейрек экендиги жана жоголуп баратышы;
- ал жашаган көптөгөн өлкөлөрдө аны "тоолордун руху" деп санашат;
- илбирсти коргогон ошол эле учурда жаратылыштын башка бөлүктөрү дагы корголот (мөңгүлөр, суу, альп зонасы, токой, жайыт, анын тоют базасы);
- илбирсти коргоо боюнча бүткүл дүйнөлүк форумда ошол учурдагы Кыргызстандын президенти "...ким ак илбирсти атса, ал өз элин атат" деген сөзү дагы түрткү берген *(А.Атамбаев - Кыргызстандын экс-президенти. 2013).*

Акыркы жылдары илбирсти коргоо боюнча иш-чаралар Кыргызстанда дагы жүргүзүлүп келет. Илбирсти сактоо боюнча бүткүл дүйнөлүк форум Бишкекте эки жолу болуп өттү (2013, 2017), ага илбирстер байыр алган он эки мамлекеттин илбирсти изилдеген адистер жана жогорку деңгээлдеги жаратылышты коргоо органдары катышкан. Бул форум жаныбардын бул түрүнүн жок болуп кетүүдөн сактап калуу үчүн мамлекеттердин биринчи жолку чогулушу болуп калды. Илбирсти коргоп калуу глобалдык форуму *Бишкек декларациясына* кол коюу менен аяктады. Бул илбирсти коргоого багытталган маанилүү кадам болуп саналат. Бул форум өткөндөн кийин жаныбарларга мыйзамсыз аңчылык кылууга салынуучу айып пулдар дагы көтөрүлдү.

Форум өткөн 2017-жылдан бери мыйзамсыз аңчылыкка салынуучу айып пулдар төмөнкүдөй өзгөргөн кээ бирине мисал келтире кетели:

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



- 1. Илбирс - 1 500 000 (ага чейин 500 000 сом);
- 2. Күрөң аюу, марал жана жейрен - 1 миллион сом айып (ага чейин 400 миң сом);
- 3. Кызыл карышкыр, мадыл, сүлөөсүн, каман - 50 000 сом айып (ага чейин 25 000 сом);
- 4. Каздар, улар - 6000 сом айып (буга чейин 1600 сом);
- 5. Кыргоол - 5000 сом (ага чейин 1500 сом);
- 6. Көгүчкөндөр, чулдуктар, бөдөнөлөр – 1500 сом (ага чейин 1 миң сом);
- 7. Бардык түрдөгү өрдөктөр жана кашкалдактар - 1500 сом айып (ага чейин 500 сом).

Мониторинг багытында заманбап технологияны колдонуу, мисалы камералык тузактардын жардамы менен илбирсти жана анын тоют базасын изилдөө боюнча иштерди жүргүзүү, транс чек арадагы коруктарды экологиялык долбоорлордун жардамы менен түзүү кызыкчылыктары жана жаш муундарга экологиялык билим берүү жана тарбиялоо боюнча ишти жөнгө салуу иштери келечекте алдыңкы орунга чыгышы абзел. Мыйзамсыз аңчылыкка каршы иштерди аткаруу дагы жогоуда айтылган иш-аракеттерге чоң салымын кошо алат. Мына ушундай иштерди аткарып жаткан Германиянын табиятты коргоо союзунун (NABU) Кыргызстандагы иштери жөнүндө да бир аз белгилей кетели.

**Изилдөө иштери.** Санарип технологияларын колдонгон уюмдар климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу жаратылыш ресурстарынын абалын дагы көзөмөлдөп турушат. Жаратылышты коргоо жаатындагы санариптештирүү, айрыкча айлана-чөйрөнү көзөмөлдөө ишинде кыйла негиздүү чечимдерди кабыл алууга мүмкүндүк берет. Илбирстин турагын жана анын тоют менен камсыз болушун изилдөө, ошондой эле илбирстин эсебин билүү максатында NABU уюму Кыргызстандын аймагына мониторинг жүргүзөт. NABU-Кыргызстан илбирске санакты төмөнкү аймактарда жүргүзүүнүн милдетин алган:

1. Түркстан тоо кыркасы (Саркент мамлекеттик жаратылыш паркы жана Сүрмө-Таш мамлекеттик жаратылыш коругу кирет);

2. Кичи-Алай кырка тоосунун түндүк капталы (Кыргыз-Ата мамлекеттик жаратылыш паркы);

3. Фергана кырка тоосунун түштүк-батыш бөлүгү (Кулун-Ата мамлекеттик жаратылыш коругу жана Кара-Шоро мамлекеттик жаратылыш паркы);

4. Ички Тянь-Шань (Каратал-Жапырык жана Нарын мамлекеттик жаратылыш коруктары);

5. Борбордук Тянь-Шань (Хан-Теңири мамлекеттик жаратылыш паркы);

6. Тескей Ала-Тоо ("Ысык-Көл" биосфералык аймагы).

2020-жылдын сентябрь айынан октябрь айына чейин NABU-Кыргызстан уюмунун мониторинг бөлүмүнүн кызматкерлери Саркент жаратылыш паркынын жана Сүрмө-Таш жаратылыш коругунун кызматкерлери менен биргеликте Түркстан тоо кыркасына фототузактарды орнотушту.

Саркент жаратылыш паркынын аймагында 20 фототузак, ал эми бул жаратылыш паркынан тышкары болгон чектеш аймактарга 22 фототузак орнотулган. Бул деңиз деңгээлинен 3000 м бийиктиктеги Түркстан тоо кыркасынын 100 миң гектарга жакын аянтынан көбүрөөк аймакты ээлейт.

NABU-Кыргызстан мониторинг бөлүмүнүн ишинин негизинде талаа иштерин изилдөө, фототузактарды орнотуу жана андан маалыматтарды алып анализдөө, жергиликтүү калкты сурамжылоо жана жапайы жаныбарлардын таралуу аймагын картага түшүрүү кирет.

Изилденип жаткан аймактардын биологиялык ар түрдүүлүгүнүн учурдагы абалын жана алардын ар кандай терс таасирлерге сезгичтигин талдоо жана баалоо, ошондой эле жаныбарлардын түрлөрүн идентификациялоо, алардын таралуу аймагын картага түшүрүү, экспедиция учурунда алынган материалдардын негизинде илимий макалалар жазуу менен катар биологиялык ар түрдүүлүк маселелерине арналган семинарларда, тренингдерде, тегерек столдордо катышуу аркылуу талкууланат.

Жалпы улуттук тутумдагы илбирске байкоо жүргүзүү миссиясын жүзөгө ашыруу илбирсти коргоо боюнча алдыга чоң масштабдагы милдеттерди койду. Бул өзгөчө маанилүү, анткени бүгүнкү күндө илбирстин популяциясы жок болуу алдында турат жана эл аралык колдоого жана коргоого муктаж.

Фотокапкандарды орнотуунун негизги максаты илбирстин байырлаган орундарын аныктоо, алардын санына жана жашоо аймагына баа берүү, ошондой эле анын тоют базасы болгон жапайы тоо эчкилер, эликтер, суурлар сыяктуу башка жаныбарларды эсепке алуу болуп саналат. Булардын азайышы менен илбирстин санынын азайышы дагы бири-бирине тыгыз байланыштуу.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557






**2-сүрөт.** Илбирсти изилдөө аймактары.

Мына ушундай байкоо жүргүзүүлөр жана фотокапканды орнотуулар 2013-жылы башталган. Бул иштин жүрүшүндө Жинди-Суу төрүндө, Чоң-Эмгек, Жая, Кой-Суу сыяктуу капчыгайлардын деңиз деңгээлинен 4200 метр бийиктиктеринде 13 фотокапкан коюлган.

Ал эми Таш-Кыя, Кашкелең жана Бузулган-Сай аймакчаларында деңиз деңгээлинен 2900 метр бийиктиктеринде фотокапкандар коюлган. Фотокапкандардын бири-биринен алыстыгы 5-6 метрди түзүп, ал эми кичине коктулардын арасынын алыстыгы 3-4 чакырымды түздү. Изилденүүдөгү аймакчаны алдын ала карап чыгуу маалында жаныбарлардын издери байкалды. Илбирстин, күрөң аюунун издери, ошондой эле түлкү, кашкулак жана карышкырдын экскременттери табылды. Негизинен алар суурлардын уясынын жанында болду.



**3-сүрөт**. Алгачкы фотокапканга түшкөн тоо теке.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Боз суур – *Martota baibacina kast (1899).* Изилденген аймакчаларда боз суур кенен тараган, алар орто бийиктеги тоолордо жана Жинди-Суу аймакчасындагы деңиз деңгээлинен 3175 м бийиктикте кездешет. Бул жерден фотокапканга түшкөн боз суурлар бул аймакчанын негизги биомассасы катары илбирстин жана карышкырдын азыгы болуп саналат.

Коён - *Lepus tolai Pall (1778).* Вертикалдык алкактарда коёндун бар экендиги анын экскременттери аркылуу байкалды, бирок камерага тартылган жок.

Кызыл коён чычкан – *Ochotora rutila sev* (1873). Таш-Кыя аймакчасында деңиз деңгээлинен 3077 метр бийиктикте орнотулган фотокапканга чоң таштардын корумунун жана шагылдардын арасынын тартылган.

Каман – Sus scrofa linnacus – (1758). Баштапкы байкоо жүргүзүүлөр учурунда *(2013-жылдын 20-майы)* Үч-Эмчек капчыгайында камандын казган чуңкурчалары кездешкен. Жинди-Суу аймакчасында камералар деңиз деңгээлинен 3077 метр бийиктикте 42° 48 363 т.к. жана 76° 40 556 ч.у. орнотулган. Бул изилденген жерде каман бир жолу тартылган. Мындан тышкары кашкулактын, түлкүнүн жана карышкырдын калдлыктары табылды.

Карышкыр – *canis lupus* (1758). Аталган Жинди-Суу аймакчасында карышкырдын бар экени байкалган. Анын калдыктары боз суурлардын колониясынын жданында кездешти. Бул экскременттерде боз суурлардын сөөктөрү жана жүндөрү бар экени аныкталды.

Түлкү – *Vulpes vulpes 2* (1758). Бийиктик бир аз төмөндөгөндөн кийин түлкүнүн экскременттери кездеше баштады. Түлкүлөрдүн экскременттери көпчүлүк учурда момолой чычкандар жүргөн аймактарда көбүрөөк байкалды.

Кашкулак– *Meles meles Linnaeus (*1758). Эки жерден кашкулактын экскременттери табылды, аларды анализдөөдө коңуздардын түрлөрү (кара коңуз) азык катары болгону аныкталды.

Арс чычкан – *Mustela erminca L.* (1758). Бул жаныбар Жинди-Суу аймакчасында деңиз деңгээлинен 3100 метр бийиктикте кездешти.

Илбирс – *Uncia Sehveber* (1776). Чоң-Кеминдеги алгачкы изилдөөлөрдө биринчи жолу илбирс 2013-жылдын 20-майында Жинди-Суу аймакчасында деңиз деңгээлинен 3175 метр бийиктикте фотокапканга тартылып алынды. Бул аймакчада фотокапкан аркылуу күрөң аюу жана түрдүү жаш куракттагы эчки-текелердин бар экенин билдик.

Тянь-Шань күрөң аюусу - *Ursus arctos isabellinus.* Алгачкы изилдөөлөрдө күрөң аюу Таш-Кыя аймакчасында деңиз деңгээлинен 3312 метр бийиктикте камерага түшкөн. 2900 метр бийиктиктеги альпы шалбааларында бир аюунун болгону байкалды, ал эки жолу боз суурду ийининен казып алуу аракетин көргөн. Аюунун экскрементинен бадалдардын нымдуу бутакчалары жана кылкандуу өсүмдүктөрдүн тамырчалары табылган.



**4-сүрөт.** Суусар. Жинди-Суу, 2013-жыл, июль.

Суусар – *Martes forna intermedia* (1873). Алгачкы байкоолордо(25.07.2013) Жинди-Суу аймакчасында деңиз деңгээлинен 3189 метр бийиктикте суусардын фотокапканга түшкөн учуру бар. Түнкү маалда суусардын үчөө байкалган.

Мына ушундай маалыматтарды алуу үчүн алгачкы изилдөөлөрдө Чоң-Кемин жаратылыш паркында 13 фотокапкан колдонулган *(Асыкулов, Сагымбаев, 2015).*

Чоң-Кеминде 2018-жылы илбирстин турагын изилдөө мезгилинде бул өрөөндө суурлардын аябай көбөйгөндүгү байкалды.

Орто-Азиянын бийик тоолорунда суурлардын үч түрү таралган.

Алар:

- Боз же Тянь-Шань сууру (Marmota baibacina centralis Thomas),

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



- Кызыл же узун куйрук суур (M.Caudata Geoffroy);
- Мензбир сууру (M.menzbieri Kaschk) *(Зимина, Злотин, 1980).*

Илбирсти турагы өрөөндүн оң жана сол коктуларынын бийик бөлүктөрүндө орун алат. Алардын бири Жинди-Суу коктусу таманын бийиктиги деңиз деңгээлинен 2600-2800 метрге жетет. 3000 метр бийиктиктен баштап тоо этектери башталат. Чокуларын мөңгү баскан. Жайында жайлоо катары пайдаланылат. Жылкы жана уй жайганга ыңгайлуу. Жапайы куштардан көк жору, бүркүт, турумтай, аңыр, чакчыгай, күйкө, жагалмай, ж.б. байкалды.

Жинди-Суунун жээктеринде саздар тараган. Алар тектирчилерде жайгашкан. Коктунун ортоңку бөлүгүндө кечкисин бакалар чардайт, мүмкүн кызыл боор бакалар деп болжонду.

Коктунун түштүк-батыш капталында биз барган май айынын күнүндө 19 эчки-теке жүрдү. Суу ичкени келген эчки-текенин издери түштүк-чыгыш капталдарында да байкалды. Тоо этектеринде жана капталдарында боз суурдун көп экени байкалды.

Бул коктудан тилекке каршы бир гана илбирсти өтө кыска мөөнөттө 500 м аралыктан көрдүк. Илбирстин азайышынын бир себеби жайдан баштап малдын саны жайлоодо көбөйөт. Тынч зона өзүнүн режимин бузат. Мүмкүн эчки- текенин саны да азая баштайт.

Узундугу 5 км ге жетпеген коктуда 2 малчынын журту жайгашкан. Мөңгүнүн тилине чейин малдын жайыты катары пайдаланылат. Андан тышкары мылтыктын окторунун гильзалары табылды. Демек, мал чарбасы гана эмес браконьерчилик дагы өкүм сүрөт. Малдан илбирс чочубайт. Аны кайтарган малчынын мылтыгы аны чочутаары белгилүү болду.

Болжол менен 25км аралыктагы Жинди-Суудан Көк-Ойрокко жөө жүрүштө эчки-теке болгону Көк-Ойроктун жогору жагында гана 4 эчки-текенин болгонун көрдүк. Жолдо бир нече мылтыктын гильзалары табылды. Кышында мал болбосо да браконьерлер болот экен. Кээ бир жерде эчки-текенин, илбирстин жана карышкырдын издерин көрдүк. 2018-жылдагы байкообузда бул аймакта жаратылыш парк болгону менен браконьерчилик бар. Тынч зона өз ишин аткарбайт. Илбирстин тоют базасы жокко эсе экени байкалды. Илбирстин издерин 2-3 жолу Чоң-Кеминдин, Жинди-Суунун жана Көк-Ойрок коктуларынан көрдүк.

**Корутунду.** Табигый айлана чөйрөгө мониторинг жүргүзүү өлкөдөгү илбирстин санынын тагыраак аныкталышына түрткү берет да, илбирстин популяциясын сактоо максатында конкретүү иш-чараларды иштеп чыгууга шарт түзөт. Азыркы учурда, Кыргыз Республикасында адамдардын жашоо чөйрөсү жана ишмердүүлүгү ар кандай интенсивдүү өзгөрүүлөрдүн таасиринде болууда. Бийик тоолордогу экологиялык тең салмактуулуктун бузулушуна алып келген минералдык ресурстардын пайдаланылышынан тышкары браконьерчилик дагы көйгөйлөрдү жаратат.

Жалпы улуттук тутумдагы илбирске байкоо жүргүзүү миссиясын жүзөгө ашыруу илбирсти коргоо боюнча алдыга чоң масштабдагы милдеттерди койду. Бул өзгөчө маанилүү, анткени бүгүнкү күндө илбирстин популяциясы жок болуу алдында турат жана эл аралык колдоого жана коргоого муктаж.

**Адабияттар:**


1. Сейдакматов К. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү. Илим. Фрунзе. 1988.
2. https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_ecology_leopard_2017/28682217.html (13.12.2019).
3. http://kitepkana.kg.html (13.12.2019).
4. Асыкулов Т., Сагымбаев С. Новые пути мониторинга биоразнообразия в природном парке “Чон-Кемин” (поиски по созданию трансграничной ООПТ). Известия ВУЗов Кыргызстана, №8, 2015. С. 86-89.
5. Зимина Р.П., Злотин Р.И., Роль сурков в формировании горных экосистем Средней Азии. Илим. Ф., 1980. 108 с.
6. Чичикин Ю.Н. Государственный охотничий фонд Киргизской ССР. – Фрунзе: Кыргызстан, 1973. -76 с.
7. Красная Книга СССР, Т.1 – М.: 1984. 390 с.
8. Кошкарев Е.П. Снежный барс в Киргизии. Структура ареала, экология, охрана. Илим. Фрунзе: 1989. 100 с.